DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Жолчиев С.Т. Адилбек уулу К.*

# ӨЛКӨНҮН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ӨНҮГҮҮСҮНҮН ЭТАПТАРЫ

*Жолчиев С.Т. Адилбек уулу К.*

# ЭТАПЫ КОНСТИТУЦИОННОГО РАЗВИТИЯ СТРАНЫ

*S.T. Zholchiev, Adilbek uulu K.*

# STAGES OF THE CONSTITUTIONAL DEVELOPMENT OF THE COUNTRY

*УДК: 34.342*

*Бул макалада өлкөбүздүн Конституциялык өнүгүүсү, Кыргыз эли Орус бийлигинин курамына кошулуусу, Кара-кыргыз автономдуу област болуп түзүлүүсү, өлкөбүздүн мамлекет болуп түзүлүшүнө жол ачылуусу, кыргыз эли советтик улуттук мамлекеттик түзүлүшкө ээ болуусу, Кыргыз автономиялуу област болуп кайра түзүлүүсү, өлкөбүздүн алгачкы Конституциясынын долбоорун даярдалуусу, 1929-жылдагы алгачкы Конституциябыздын кабыл алынуусу, 1937-жылдын Конституциянын долбоору Президиумда каралып жактырылып 23-мартта кабыл алынуусу, 1978-жылдын 20-апрелдеги Кыргыз ССРнин жаны Конституциясы кабыл алынуусу, Кыргызстандын 1991-жылы 31-августа көз карандысыз, өз алдынчалыгы жарыялануусу, 1993-жылы 5-майда көз каранды эмес мамлекеттин Конституциясын кабыл алынуусу, элдик бийликти, демократиялуулукту бекемдеген 2010-жылдын 27-июнундагы аракеттеги референдум (бүткүл элдик добуш берүү) жолу менен кабыл алынган конституциясы, анын өзгөчө белгилери жөнүндө каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *Кыргыз Республикасы, Конституциялык реформалар, өнүгүүсү, кабыл алынуусу, өзгөрүүсү, толукталуусу.*

*В статье рассматривается конституционное развитие страны, присоединение кыргызского народа к Российской власти, создание Кара-Киргизской автономной области, создание кыргызской государственности, приобретение кыргызским народом советской национальной государственности, преобразование из Кара-Кыргызской автономной области в Кыргызскую автономную область, подготовка проекта первой Конституции кыргызской государственности, принятие первой Конституции в 1929 году, рассмотрение и одобрение Президиумом проекта Конституции в 1937 году и принятие ее 23 марта, принятие новой Конституции Кыргызской Советской Социалистической Республики в 1978 году 20 апреля, приобретение независимости и самостоятельности Кыргызстана в 1991 году 31 августа, принятие Конституции независимого государства в 1993 году 5 мая, принятие настоящей Конституции путем всенародного голосования референдумом, укрепление демократии, народовластие и его особые признаки.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызская Республика, конституционные реформы, развитие, принятие, изменения, дополнения.*

*The article examines the constitutional development of the country, the accession of the Kyrgyz people to the Russian government, the creation of the Kara-Kyrgyz autonomous region, the creation of the Kyrgyz statehood, the acquisition of the Soviet national statehood by the Kyrgyz people, the transformation from the Kara-Kyrgyz Autonomous Oblast into the Kyrgyz Autonomous Oblast, preparation of the draft of the first Constitution Kyrgyz statehood, adoption of the first Constitution in 1929, consideration and approval by the Presidium of the draft Constitution in 1937 and its adoption on March 23, adoption of the new Constitution of the Kyrgyz Soviet Socialist Republic in 1978 on April 20, gaining independence and independence of Kyrgyzstan in 1991 on August 31, adoption of the Constitution of an independent state in 1993 on May 5, adoption of this Constitution by popular vote by referendum, strengthening democracy, democracy and its special features.*

***Key words:*** *Kyrgyz Republic, constitutional reforms, development, adoption, amendment, addition.*

Өлкөбүздүн Конституциялык өнүгүүсү кыргыз эли орус бийлигинин курамына кошулуп, Кара-Кыргыз автономдуу област болуп түзүлгөн мезгилден башталган, анткени, дал ушул убакта, тактап айтканда 1924-жылы өлкөбүздүн мамлекет болуп түзүлүшүнө жол ачылган.

К.Нурбеков мындай деп белгилеген, “1924-жылы кыргыз эли автономиялуу облус болуп, советтик улуттук мамлекеттик түзлүшкө ээ болгон" [1].

Аз убакыт өткөндөн кийин (тагыраагы бир жылдан ашыгыраак) Кыргыз автономиялуу област болуп кайра түзүлүп, 1926-жылдары автономиялуу област КАССРне өзгөртүлүп, өлкөбүздүн алгачкы Конституциясынын долбоорун жазуу боюнча атайын комиссия түзүлгөн, ошол эле жылы Конституциянын долбоору каралып Президиумда жактырылган.

С.Сооданбековдун, М.К.Укушевдин белгилөөсү

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



боюнча, “1929-жылыдын 25-апрелинде Бүткүл Кыргызстандык экинчи курултайынын кароосуна сунуш кылынган. Курултайдын негизги маселеси КАССРнин Конституциясын талкуулоо жана кабыл алуу болгон” [2].

Ошентип, мамлекетибиздин биринчи Конституциясы 1929-жылы 30-апрелде акыркы редакциясы Бүткүл Кыргызстандык экинчи курултайында каралып бекитилген Конституциябыз жети бөлүм, он алты глава жана токсон жети беренеден турган. Бул Конституция Кыргыз мамлекеттибиздин патриархалдык-феодалдык түзүлүштөн капитализмди аттап социализмге өтүү мезгили болгон.

Р.Тургунбековдун белгилөөсү боюнча, “1936-жылы 5-декабрда СССРдин жаңы Конституциясы кабыл алынуусу менен ошол эле жылы 30-июнда Кыргыз АССРнин БАКы тарабынан Конституциялык комиссия жаңы Конституциясынын долбоорун СССРдин Конституциясынын долбоорун жетекчиликке алып, Кыргыз ССРнин Конституциясынын долбоорун даярдаган” [3].

1937-жылдын 11-мартында Конституциянын долбоору Президиумда каралып, жактырылгандан кийин ошол эле жылы 23-марда кабыл алынган Конституция он бир бөлүмдөн, бир жүз он сегиз беренеден турган. Бул союздук республика түрүндөгү кыргыз мамлекетибиздин социализмди бекемдеп, куруп бүтүү мезгилиндеги конституциясы болуп, анда КССРдеги мамлекеттик жогорку бийлик органдар, мамлекеттик башкаруу, жергиликтүү башкаруу, сот жана прокуратура органдары, жарандардын укуктары, милдеттери, казна жана ошондой эле герб, туу, борбор жөнүндө каралган.

1977-жылдары СССРдин жаңы Конституциясы Жогорку Советтин кезектеги жетинчи сессиясында кабыл алынган.

Н.Т. Шериповдун белгилөөсү боюнча, “СССРдин 1977-жылкы Конституциясы жана анын артынан союздук республикалардын 1978-жылдагы кабыл алынган Конституциялары СССРде өнүккөн социализимдин курулганын мыйзам түрүндө бекитишкен” [4].

Р.Тургунбековдун жазуусу боюнча, “1978-жылдын 15-мартында КССРнин Жогорку Советинин Президиумда жаңы Конституциянын долбоору каралып, жактырылып, элдик талкууга кыргыз, орус, өзбек тилдеринде жарым миллион нускада басма сөзгө жарыяланган” [3]. Ошол эле жылы 20-апрелде Кыргыз ССРнин жаңы Конституциясы кабыл алынган. Бул өлкөбүздүн өнүккөн социализмдин курулушун бекемдеген конституция болгон.

1990-жылдын экинчи жарымында өлкөбүздүн жаңы өткөөл учуру башталып, 1991-жылы 31-августа көз карандысыз, өз алдынчалыгы жарыяланды.

А.Арабаев жана Р.Арабаевдин пикирлери боюнча, “Жаңы Конституциялык түзүлүштүн негиздерин түптөөдө 1990-жылдын 24-октябрында кабыл алынган Кыргыз ССРнин Президентинин кызматын жана Кыргыз ССРнин Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү Мыйзамынын ролу өтө чоң болгон” [5].

Ошентип, Кыргыз элибиздин мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн жаңы этабы башталып, көз каранды эмес мамлекеттин Конституциясын кабыл алууга шарт түзүлгөн.

1993-жылы 5-майда эгемендүү мамлекети Конституциясынын долбоору эки жылдан ашуун даярдалып Жогорку Советтин он экинчи чакырылышынын он экинчи сессиясында кабыл алынды. Бул Кыргыз мамлекетти 1991-жылы 31-августта өз алдынча, көз карандысыз, эгемендүү Кыргыз Республикасы болуп түзүлгөн мезгилдеги конституция преамбуладан, токсон жети беренеден жана сегиз бөлүмдөн турган.

Жаңы Конституциянын редакциясына ылайык, өлкөбүз өз алдынча Кыргыз Республикасы болуп, адамдардын жана жарандардын укуктары жана эркиндиктери негизги баалуулук деп бекитилген. Ал эми мамлекеттик бийлик бутагы мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтерине бөлүнгөн.

Конституциянын кабыл алынуусунда ошол кезде иштеп турган “Легендарлуу парламенттин” салымы чоң болгондугун белгилеп кетүү милдетибиз болуп саналат.

Өлкөбүздүн тарыхында өзгөчө из калтырган, 2010-жылдын 27-июнундагы аракеттеги референдум (бүткүл элдик добуш берүү) жолу менен кабыл алынган конституция, элдик бийликти, демократиялуулукту бекемдеп турат.

А.Арабаев, Р.Арабаев “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын мамлекеттин жана коомдун

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Негизги мыйзамы катары өзүнө мүнөздүү болгон, өзгөчө белгилер бар. Алар Конституциянын, биринчиден, негиз салуучу, экинчиден, элдик, үчүнчүдөн, негиздөөчү мүнөзгө ээ экендигин туюндурушат" [5] - деп белгилеген.

Азыркы күндөгү Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 27-июнундагы референдум (бүткүл элик добуш берүү) менен кабыл алынган конституциясы жүз он төрт беренеден жана тогуз бөлүмдөн турат.

Демек мамлекетибиздин Конституциялык өнүгүүсү, анын тарыхы менен ажырагыс байланышта болуп, мамлекет жана коом өнүккөн учурда, Конституцияда өзгөрүлүп, толукталып же жаңыдан кабыл алынып келет.

**Адабияттар:**


1. Нурбеков К. История государства и права Киргизской ССР. - Фрунзе, 1970.
2. Сооданбеков С.С., Укушев М.К. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу. - Бишкек, 2001.
3. Тургунбеков Р. Создание Конституции Киргизской ССР. - Фрунзе, 1962.
4. Шерипов Н.Т. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу. - Бишкек, 2015.
5. Арабаев А., Арабаев Р. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу. - Бишкек, 2014.